УДК 368.212:347.51

# АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭЭЛЕРИНИН ЖАРАНДЫК-УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИГИН МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУДА АЙРЫМ КӨЗ КАРАШТАР (ЕАЭБ ӨЛКӨЛӨРҮ МИСАЛЫНДА)

**Абдыкеев Эрнис Шамшыбекович** <abdykeev@gmail.com>
**Момуналиева Анара Джолдошбековна**, <momunalieva@gmail.com>
Кыргыз-Түрк Манас университети

# НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ОБЯЗАТЕЛЬНОГО СТРАХОВАНИЯ ГРАЖДАНСКО-ПРАВОВОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ ВЛАДЕЛЬЦЕВ АВТОТРАНСПОРТНЫХ СРЕДСТВ (НА ПРИМЕРЕ СТРАН ЕАЭС)

**Абдыкеев Эрнис Шамшыбекович** <abdykeev@gmail.com>
**Момуналиева Анара Джолдошбековна** <momunalieva@gmail.com>
Кыргызско-Турецкий университет “Манас”

# SOME ASPECTS OF COMPULSORY INSURANCE OF CIVIL LIABILITY OF OWNERS OF VEHICLES (ON THE EXAMPLE OF EEU COUNTRIES)

**Abdykeev Ernis**, Kyrgyzstan-Turkey Manas University <abdykeev@gmail.com>
**Momunalieva Anara**, Kyrgyzstan-Turkey Manas University
<momunalieva@gmail.com>

**Аннотация**

2015-жылы, Евроазиялык Экономикалык Биримдигине мүчө мамлекеттердин арасында Кыргызстан мамлекети акыркылардан болуп «Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу» мыйзамын кабыл алды. Ошондон баштап, изилдөөчүлөр жана практиктердин арасында бул милдеттүү камсыздандыруу түрүнүн нормативдик укуктук жагына жана актуарийдик эсептөө жагына маанилүү көңүл бурула баштады. Бул изилдөөдө ЕАЭБне мүчө мамлекеттерде бул милдеттүү камсыздандыруу түрү кандай өзгөчөлүктөргө ээ жана сандык көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу анализ жүргүзүлгөн.

**Ачкыч сөздөр:** милдеттүү камсыздандыруу, камсыздандыруу уюмдары, камсыздандырылуучу, транспорт каражаттары, ЕАЭБ, камсыздандыруу төлөмдөрү, камсыздандыруу сый акысы.

**Аннотация**

В 2015 г. Кыргызская Республика одна из последних приняла Закон «Об обязательном страховании гражданско-правовой ответственности владельцев автотранспортных средств» среди стран Евразийского экономического союза. С того момента исследователями и практиками достаточное внимание уделяется нормативно-правовым актам и актуарным расчетам данного обязательного вида страхования. В статье представлен сравнительный анализ некоторых аспектов и показателей данного вида страхования.

**Ключевые слова:** обязательное страхование, страховые компании, страхователь, транспортные средства, ЕАЭС, страховые возмещения, страховые премии.

**Abstract**

In 2015, the Kyrgyz Republic one of the last passed a law on compulsory insurance of civil liability of owners of vehicles among the countries of Euro-Asian Economic Union. Since then, researchers` and practitioners` sufficient attention is paid to regulatory legal acts, and actuarial calcu-

lations of compulsory types of insurance. In this paper we attempted to make a comparative analysis of some aspects and indicators of this type of insurance.

**Keywords**: compulsory insurance, insurance company, insured, vehicles, EEU, insurance payments, insurance premiums.

Экономикалык байланышта камсыздандыруунун орду күндөн күнгө өз ордун күчтөндүрүп келүүдө. Камсыздандыруу – табигый кырсыктардын, күтүлбөгөн окуялардын ж.б.у.с. кырсыктардан келип чыккан зыяндардын ордун толтуруу же төлөп берүү максатында камсыздандыруу фондторун түзүү иш чараларынын системасы болуп саналат [1]. Кыргыз Республикасында камсыздандыруу негизги түрлөрүнө карата ыктыярдуу камсыздандыруу жана милдеттүү камсыздандыруу болуп бөлүнөт (табл. 1).

Милдеттүү камсыздандыруу түрлөрү мамлекет тарабынан бекитилип, автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу түрү өзгөчө мааниге ээ (мындан кийин “милдеттүү камсыздандыруу”).

Милдеттүү камсыздандыруу автотранспорт каражаттарын пайдаланууда болгон жол-транспорт кырсыгынын натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтурууга жабырлануучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле өздөрүнүн жоопкерчилигин камсыздандырган автотранспорт каражаттарынын ээлеринин мүлктүк кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат [16].

Милдеттүү камсыздандыруу мыйзамынын башкы максаты автотранспорт каражатын колдонуу учурунда жол-кыймыл окуяларынын жыйынтыгында жабыркаган тараптын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын жана ошондой эле өз жоопкерчиликтерин камсыздандырган автотранспорт ээлеринин мүлктүк кызыкчылыктарын коргоо болуп эсептелет. Бул мыйзамдын принциптери катары: 1) жабыркаган тараптын өмүрүнө, ден-соолугуна жана мүлктүк чыгымдарын төлөп берүү гарантиясы; 2) баардык жарандарга милдеттүүлүк; 3) Кыргызстандын чегинде колдонулган автоунаалардын бардык колдонуу мөөнөтүндө үзгүлтүксүз камсыздандырылуусу; 4) унаа ээлеринин мүлктүк кызыкчылыктарын коргоодо экономикалык жагынан кызыкдар болуусу саналат.

Өнүккөн чет мамлекеттерде бул камсыздандыруу түрү 1900-жылдардын башынан баштап колдонулуп келет. Мисалы, 1925-жылы АКШнын Массачусетс штатында милдеттүү камсыздандыруу мыйзамы кабыл алынып иштей баштаган. Көп өтпөй эле бул мыйзам АКШнын дээрлик бардык штаттарында милдеттүү камсыздандырыла баштаган. Бул агым батыш Европа мамлекеттеринде, Германия мамлекети баш болуп, 1930-чу жылдары башталган [2]. Ал эми СССРде 1960-чы жылдары чоң талкууга алынып, бирок милдеттүү түрдө колдонуулууга киргизилген эмес [3]. СССР тарагандан кийин, Россияда 1993-жылы бул маселеге кайра кайрылышкан, бирок анда дагы натыйжасыз жыйынтыка келген [4].

ЕАЭБке мүчө мамлекеттердин арасында Кыргызстан мамлекети “Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө” мыйзамын 2015-жылдын 24-июлунда кабыл алганы менен, бул мыйзамдын күчүнө киргизилүүсү 2016-жылдын 2-августунда кабыл алынган № 161 мыйзамы менен 2019-жылдын 7-февралына чейин жылдырылган [22]. Ал эми Россияда 2002-жылдын 25-апрелинде, Казахстанда 2003-жылы 1-июлда, Белоруссияда 2006-жылы 25-августа, Арменияда 2010-жылы 18-майда кабыл алынып, динамикалык түрдө өнүгүп жаткан камсыздандыруу түрүнө кирет.

Кыргызстанда катталган жол-кырсыктарынан расмий түрдө 2015-жылы 7 066 киши каза таап, 10 402 киши жаракат алган [5]. Бул көрсөткүч абдан жогору болуп саналып, ЕАЭБ өлкөлөрү арасында жол-кырсыктарынан каза болгондордун саны боюнча, Казахстандан кийин, 2-чи орунда турат [6]. Калктын автотранспорт каражаттарына ээ болуу көрсөткүчү дагы жылдан жылга өсүүдө.

Таблица 1 – Кыргыз Республикасындагы камсыздандыруу түрлөрү

| Камсыздандыруу | |
|---|---|
| Милдеттүү камсыздандыруу | Ыктыярдуу камсыздандыруу |
| 1. Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу | 1. Жеке камсыздандыруу |
| 2. Эмгектик (кызматтык) милдеттерин аткарууда кызматкердин өмүрүнө жана ден-соолугуна зыян келгендиги үчүн жумуш берүүчүнүн жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу | 2. Мүлктү камсыздандыруу |
| 3. Кооптуу жүктөрдү ташуучунун жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу | 3. Жоопкерчиликти камсыздандыруу |
| 4. Кооптуу өндүрүш объекттерин пайдалануучу уюмдардын жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу | 4. Өз ыктыярдуу топтомо камсыздандыруу |
| 5. Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу | |
| 6. Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу | |
| 7. Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу | |

Маалымат булак: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 661 токтому менен бекитилген Банктык эмес финансылык сектор жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө убактылуу жобо, Милдеттүү камсыздандыруу түрлөрүнө тиешелүү мыйзамдар.

ЕАЭБ өлкөлөрү арасында 2007-жылы автотранспорт каражаттарынын саны боюнча 1000 кишиге эң көп туура келген мамлекет катары Белоруссия мамлекети болуп эсептелип (сүрөт 1), жол-кырсыктарынан каза болгондордун саны 1517 адамды түзгөн (сүрөт 2).

Ал эми жол-кырсыктарынан каза тапкан мамлекет катары Казахстан эсептелип, ар бир 100 000 кишиден 30,6 киши каза тапкан (сүрөт 2).




Сүрөт 1. 2007, 2010 жана 2013 жж. карата ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде автотранспорт каражаттарынын саны (1000 кишиге)



Сүрөт 2. 2007, 2010 жана 2013 жж. карата ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде жол кырсыктарынан каза болгондордун саны (100 000 кишиден)

2007-жылы Кыргызстанда 1000 кишиге 59,9 даана автотранспорт каражаты дал келип, жол кырсыгынан 1214 адам каза тапкан (табл. 2). 2013-жылы 2010-жылга салыштырмалуу жол кырсыгынан каза тапкандардын саны 34 % өскөн. 2013-жылы Кыргызстанда 1000 кишиге 172,7 даанага жогорулап, 2010-жылга салыштырмалуу 114 % жогорулаган. Ал эми Казахстанда 2013-жылы автотранспорттордун саны 17,8 % жогорулаcа дагы, жоол кырсыгынан каза болгондордун саны 10 %га төмөндөгөн.

Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн негизинде, Кыргызстанда милдеттүү камсыздандыруу лицензиясын алып, иштей турган камсыздандыруу уюмдарына рыноктун потенциалы ачык көрүнүп турат. Ошондуктан милдеттүү камсыздандыруу түрүнүн иштөө принцибин жана механизмин ЕАЭБ өлкөлөрүнө салыштырмалуу түрдө талдоо жүргүзүлөт.
Милдеттүү камсыздандыруунун зарылчылыгы автотранспорттордун санынын көбөйүшү, жол кыймылынын күчөгөндүгү, жол кырсыктарынын көбөйүшү, анын кесепетинен жабыркаган адамдардын санын жогорулашы, жеке жана юридикалык жактардын материалдык жоопкерчилигинин жогорулашы сыяктуу социалдык экономикалык тенденцияга байланыштуу болуп саналат. Кыргызстанда милдеттүү камсыздандыруу лицензиясын алыш үчүн 2017-жылдын 1-июлуна чейин уставдык капиталдарын 150,0 млн. сомго жогорулатуулары керек [7]. Ушул эле көрсөткүч Россияда 120,0 млн. рубль [8], Казахстанда 3 403,5 млн. тенге [9], Белоруссияда 5,0 млн. евро [10], Армения 1,5 млрд. драм [11] (табл. 3).

Белоруссияда милдеттүү камсыздандыруу түрлөрү менен мамлекеттик камсыздандыруу уюмдары же болбосо мамлекеттин камсыздандыруу уюмундагы үлүшү 50 пайыздан жогору болгон камсыздандыруу уюмдары гана иштей алат [12]. Арменияда бул камсыздандыруу түрү менен “Автотранспорт Каражаттарын Колдонуудан Келип Чыккан Жоопкерчиликти Жүзөгө Ашыруучу Камсыздандыруу Компаниялардын Бюросуна” мүчө болгон жана Армения Республикасынын ар бир областында мыйзамдын негизинде түзүлгөн туруктуу филиалы же агенттиги бар камсыздандыруу уюмдары гана иштей алат [13]. Казахстанда болсо, камсыздандыруу компаниясы милдеттүү камсыздандыруу лицензиясын алаардан мурда, Кепилдик төлөмдөр фонду менен келишим түзүүсү жана Өкүлдөрдүн кеңешине мүчө болуусу зарыл. Мындан тышкары, камсыздандыруу уюмдары жыл сайын финансылык жана аудитордук отчётторун казак жана орус тилдеринде, Казахстан Республикасынын бардык аймактарына жайылган жана мезгил-мезгили менен чыгуучу басма-сөз каражаттарында, эң аз эки жолу басымга берип туруусу зарыл [14].

Кыргызстанда, милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруу окуясынын болушунун натыйжасында эмгекке жарамдуулугун жоготкондугунан улам жабырлануучу албай калган эмгек акыны (кирешени) же эмгек акынын бөлүгүн ырастаган документтин негизинде төлөнүүсү каралган [15]. Ушул эле көрүнүш Россияда дагы жүргүзүлөт [8]. Арменияда болсо келтирилген өздүк зыяндар катарында төлөнөт. Өздүк зыяндарга, жабырлануучунун ден-соолугуна келтирилген зыян жана ушунун кесепетинен

жоготууга учураган эмгек акысы, ошондой эле өлүм кирет. Мындан башка, жабырлануучунун ден-соолугуна зыян келтирилсе, Армения Республикасынан тышкары чет өлкөдө да дарылanууга укуктуу [13]. Казахстан жана Белоруссияда жоготулган киреше же эмгек акы төлөмдөрүн жүргүзүү каралган эмес.

Таблица 2 – 2010 жана 2013 жж. ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде автотранспорттордун саны жана жол кырсыгынан каза болгондордун саны жана анын динамикасы

| | 2010 | | 2013 | | 2010-2013 жж. % катышы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Автотранспорт саны (1000 кишиге) | Жол кырсыгынан каза болгондордун саны (100 000 кишиден) | Автотранспорт саны (1000 кишиге) | Жол кырсыгынан каза болгондордун саны (100 000 кишиден) | Автотранспорт саны | Жол кырсыгынан каза болгондордун саны |
| Россия | 303,1 | 18,6 | 354,4 | 18,9 | 16,9% | 1,6% |
| Белоруссия | 399,1 | 12,4 | 416,9 | 9,6 | 4,5% | -22,6% |
| Казахстан | 202,8 | 21,9 | 238,8 | 19,7 | 17,8% | -10,0% |
| Кыргызстан | 80,7 | 15,9 | 172,7 | 21,3 | 114,0% | 34,0% |
| Армения | 97,1 | 9,2 | - | 10,6 | - | 15,2% |

Маалымат булак: Global status report on road safety 2015, Global status report on road safety 2013: supporting a decade of action, Global status report on road safety: time for action – алынып эсептелди.

Таблица 3 – ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу ишмердүүлүгүн аткаруу үчүн керектелген минималдык уставдык капиталдын өлчөмү

| ЕАЭБ мамлекеттери | Өзүнүн акчасы менен | Кыргыз Сому менен* |
|---|---|---|
| Россия | 120,0 млн. рубль | 138,0 млн. сом |
| Казахстан | 3 403,5 млн тенге | 714,4 млн. сом |
| Белоруссия | 5,0 млн. евро | 365,4 млн. сом |
| Кыргызстан | 150 млн. сом | 150,0 млн сом |
| Армения | 1 500,0 млн драм | 214,5 млн. сом |

* КР УБнын 10 - январь 2017-жылдын курстары алынган.

Милдеттүү камсыздандыруу түрү боюнча ар бир автотранспортко ээ болгон жаран өзүнүн жарандык жоопкерчилигин камсыздандыруусу керек. Бул милдетти аткарбаган автотранспорт ээси административдик жоопкерчилике тартылат. Россияда мыйзам менен бекитилген автотранспорт ээлеринин жарандык жоопкерчилигин аткарбагандыгы үчүн 578 - 925 сомго чейин айып төлөнөт [16]. Белоруссияда милдеттүү камсыздандыруу полисин албагандар 4061 – 20308 сомго чейин айыпка тартылат [17]. Казахстанда милдеттүү камсыздандыруу полиси жок автотранспорт айдоочусуна 5 айлык эсеп көрсөткүчү өлчөмүндө айып каралган [18]. 2017-жылдын 1-январынан баштап, айлык эсеп көрсөткүчү 2269 тенге, б.а. 476,26 сомду түзөт [19]. Арменияда болсо 1 минималдык эмгек акыга чейин айып каралып, минималдык эмгек акы 55 миң драмды, б.а. 7860 сомду түзөт [20]. Кыргызстанда милдеттүү камсыздандыруу мыйзамы 2019-жылга жылдырылгандыгына [21] байланыштуу административдик жоопкерчилик карала элек (табл. 4).

Таблица 4 – ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу полисин албагандар үчүн каралган айыптардын өлчөмү

| ЕАЭБ мамлекеттери | Айып өлчөмү (сом) | |
|---|---|---|
| | Жеке жак | Юридикалык жак |
| Россия | 578,4 – 925,44 | |
| Казахстан | 2270,0 | |
| Белоруссия | 4061,6 | 12184,0 |
| Кыргызстан | Бекитиле элек | |
| Армения | 7860 | |

Маалымат булак: ЕАЭБке мүчө мамлекеттердин административдик жоопкерчилиги жөнүндө мыйзамдарынан алынган.

Казахстанда милдеттүү камсыздандыруу стандарттык жана комплекстик камсыздандыруу полистери болуп бөлүнөт. Стандарттык камсыздандыруу полисинде бир же бир нече транспорт каражат ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилиги камсыздандырылат. Комплекстик камсыздандыруу полиси менен эки же экиден көп транспорт каражатына ээ жеке жактын жоопкерчилиги камсыздандырылат. Мындай жол менен бир нече транспорттук каражатка ээ жарандын жоопкерчилиги бир келишимдин негизинде камсыздандырылат [14]. Белоруссияда милдеттүү камсыздандыруу 4 түрдө жүргүзүлөт: 1) ички камсыздандыруу келишими; 2) комплекстүү ички камсыздандыруу келишими; 3) чек аралык камсыздандыруу келишими; 4) “Жашыл карта” камсыздандыруу келишими. Булардын ичинде чек аралык камсыздандыруу полиси ЕАЭБ өлкөлөрү арасында өзгөчөлөнүп, башка өлкөнүн өкүлү транспорттук каражаты менен транзиттик жүрүш учурларында атайын тарифтер каралган [12].

Милдеттүү камсыздандыруу полисинин жалпы иштөө убактысы 12 ай болуп эсептелет. Бирок камсыздандыруу келишимин кыска мөөнөткө деле түзсө болот, мисалы автотранспортту сезондук колдонуу учурларында Казахстанда 6 айдан кем эмес убакытка, Белорусияда 1 айдан 12 айга чейин камсыздандыруу келишимин түзсө болот. Белорусияда комплекстүү ички камсыздандыруу полиси 6 айдан 1 жылга чейин түзүлөт, ал эми ички камсыздандыруу келишими боюнча эң аз 15 күнгө түзүлөт. Ошондой эле эгерде камсыздандыруу полиси 12 айдан кем убакытка түзүлүп жатса, эч кандай бонустар колдонулбайт [22]. Арменияда милдеттүү камсыздандыруу полиси 3 айдан кем эмес мөөнөткө түзүлөт. Ал эми убактылуу кирүү же транзиттик автотранспорттор үчүн 10 күндөн кем эмес мөөнөткө түзүлөт [13]. Кыргызстан, Казахстан, Россияда милдеттүү камсыздандыруу полиси эң аз 5 күнгө түзүлөт [15, 14, 8].

Камсыздандыруу сыйлыктарынын төлөнө турган көлөмдөрүн эсептөө үчүн камсыздандыруу тарифтери колдонулат. Камсыздандыруу тарифтери камсыздандыруу компаниялары тарабынан эмес, мыйзамдын негизинде мамлекет тарабынан бекитилип, камсыздандыруу сыйлыгын эсептөө үчүн базалык камсыздандыруу сыйлыгы колдонулат жана камсыздандыруу сыйлыгынын жалпы көлөмү транспорт каражатынын түрүнө, камсыздандырылуучунун жашына жана айдоочулук тажрыйбасына, өткөн жылдардагы жол-кырсыгына кабылып, кабылбаганына байланыштуу өзгөрөт (“бонус-малус” системасы). Бонус-малус системасы, камсыздандырууда абдан таасирлүү мотивациялык ролду ойноп, Бельгияда 1971-жылы эле колдонула баштаган [23]. Кыргызстанда базалык камсыздандыруу тарифи 3 256 сом өлчөмүндө коомдук талкууга чыгарылган. Бир жылдык камсыздандыруу сыйлыгы бир автотранспортко тизме боюнча 4 айдоочуну камтыйт, ал эми айдоочунун саны 4-төн жогору болсо жогорулатуучу коэффициент колдонулат. Камсыздандыруу суммасы жалпысынан 550 миң сомду түзүп, анын ичинде: 200 миң сом өлүм учурунда, 200 миң сом дене жаракатын алган учурда, 150 миң сом мүлктүк чыгымга дуушар болгондо төлөнүүчү

сумма болуп саналат. Мындан тышкары, Кыргызстан жана Арменияда аймактарга карата жогорулатуучу коэффициенттер колдонулган эмес [24, 13]. Россияда аймактык жогорулатуучу коэффициент камсыздандыруу сый акысынын 0,5-тен 2-ге чейин [27], Казахстанда 1,01-ден 2,96-га чейин каралган [14]. Ушул эле көрсөткүчтөр Белоруссияда 0,8-ден 1,5-га чейин каралган [25].

Казахстанда милдеттүү камсыздандыруу базалык тарифи 1,9 айлык эсеп көрсөткүчүнө барабар, б.а. 904,9 сомду түзөт. Ал эми камсыздандыруу уюмдарынын максималдуу камсыздандыруу төлөмүнүн көлөмү, Айлык Эсеп Көрсөткүч (АЭК) менен: 1) адамдын өмүрүнө жана ден-соолугуна зыян келтирилсе: а) өлүм – 1000; майып болуп калса: I группа – 800; II группа – 600; III группа – 500; «майып бала» – 500; майыптык жаракат албастан, жөн гана дене жаракаттарын алган учурларда – 300; 2) бир жабырлануучунун мүлкүнө болгон чыгымдар – чыгымдын көлөмүнө жараша, бирок 600-гө чейин; 3) эки же андан көп жабырлануучунун мүлкүнө болгон чыгымдар – бир жабырлануучуга 600-гө чейин, бирок жалпы көлөмү 2 000-ден ашпай тургандай көлөмдө төлөнөт. Эгерде чыгымдардын көлөмдөрү максималдуу көлөмдөн жогору болсо, чыгымдардын көлөмүнө ылайык төлөнөт. Ошондой эле, башка ЕАЭБке мүчө мамлекеттерге салыштырмалуу, Казахстанда жол кырсыгы Полиция кызматкерлери тарабынан катталмайынча камсыздандыруу төлөмдөрү жүргүзүлбөйт жана камсыздандыруу полисинин мөөнөтү ичинде биринчи камсыздандыруу окуясынын жыйынтыгында кандайдыр бир төлөм жүргүзүлсө, жаңы камсыздандыруу келишими түзүлөт [14].

Россияда базалык тариф 2 240 рубльду түзөт, б.а. 2 576 сом. Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн көлөмү: а) жабырлануучунун өмүрүнө жана ден-соолугуна зыян келтирилсе – 500 миң рубль (578 400 сом); б) жабырлануучунун мүлкүнө зыян келтирилсе 400 миң рубль (462 720 сом). Эгерде жол-кырсыгы тиешелүү мамлекеттик кызматтардын катышуусу болбостон өткөрүлсө, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн максималдуу көлөмү 50 миң рубльдан (57 840 сом) ашпайт [8].

Таблица 5 – ЕАЭБ мүчө мамлекеттерде милдеттүү камсыздандыруу чендери жана сый-лыктары

<table>
<tr><th></th><th colspan="2">Россия</th><th colspan="2">Белоруссия</th><th colspan="2">Казахстан</th><th colspan="2">Армения</th><th>Кыргызстан</th></tr>
<tr><td>Камсыз-дандыруу суммасы</td><td>Рубль*</td><td>Сом</td><td>Евро*</td><td>Сом</td><td>Тенге*</td><td>Сом</td><td>Драм*</td><td>Сом</td><td>Сом</td></tr>
<tr><td>Өлүм учурунда</td><td rowspan="2">500 000</td><td rowspan="2">581 200</td><td rowspan="2">10 000</td><td rowspan="2">733 246</td><td>2,269 млн.</td><td>476 263</td><td rowspan="2">10 млн.</td><td rowspan="2">1 430 200</td><td>200000</td></tr>
<tr><td>Дене жаракат-тары</td><td>680700-1 815 200</td><td>142 878-381 101</td><td>200000</td></tr>
<tr><td>Мүлктүк зыян</td><td>400 000</td><td>464 960</td><td>10 000</td><td>733 246</td><td>4,538 млн.</td><td>952 526</td><td>1,8 млн.</td><td>257 436</td><td>150000</td></tr>
<tr><td>Камсыз-дандыруу сый акысы</td><td>6 832</td><td>7 941</td><td>29,4</td><td>2 156</td><td>45 592</td><td>9569,7</td><td>33 122</td><td>4 737</td><td>2211</td></tr>
</table>

*НБКР КРнын 10 - январь 2017-жылдын курстары алынган.

Ушул эле көрсөткүч Белоруссияда 29,4 евро, б.а. 2 146 сом. Ал эми камсыздандандыруу төлөмдөрү: 1) жабырлануучунун өмүрүнө жана ден-соолугуна зыян келтирилсе 10 000 евро, б.а. 730 788 сом, анын ичинде 4 000 еврого (292315 сом) чейин сөөктү көмүү чыгымдарына төлөнөт; 2) жабырлануучунун мүлкүнө зыян келтирилсе 10 000 евро (730 788 сом); 3) комплекстүү камсыздандыруу келишимин түзгөн резиденттин автотранспортуна зыян кел-

тирилсе 10 000 евролук чендер бекитилген [25]. Арменияда камсыздандыруу төлөмдөрү: 1) өздүк зыяндарга 3 300 000 драм (471 966 сом) ар бир камсыздандырылуучуга, бирок бир камсыздандыруу окуясы боюнча 10 000 000 драмдан (1 430 200 сом) ашпай тургандай бекитилген; 2) мүлктүк зыяндарга 1 800 000 драм (257 436 сом) бекитилген [26].

Таблица 5-те ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде милдеттүү камсыздандыруу 25 жаштан жогору, 3 жылдан ашык айдоочулук тажрыйбасы бар, 2 000 см. куб. кыймылдаткыч күчү бар автотранспортко ээ жана борбор шаарда жашаган камсыздандырылуучуга акчалай канча суммага айланаары көрсөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгында, ЕАЭБне мүчө мамлекеттерде автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу түрү жалпы иштөө принциби бирдей болсо дагы, көптөгөн айырмачылыктарга ээ экендиги байкалды. Бул айырмачылыктарды төмөнкү таблицадан көрө алабыз (табл. 6).

Таблица 6 – ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу түрүнүн салыштырмалуу өзгөчөлүктөрү

<table>
<tr><th>Россия</th><th>Казахстан</th><th>Белоруссия</th><th>Кыргызстан</th><th>Армения</th></tr>
<tr><td>Мыйзам 25.04.2002 ж. кабыл алынган.</td><td>Мыйзам 01.07.2003 ж. кабыл алынган.</td><td>Мыйзам 25.08.2006 ж. кабыл алынган.</td><td>Мыйзам 24.07.2015 ж. кабыл алынган.</td><td>Мыйзам 18.05.2010 ж. кабыл алынган.</td></tr>
<tr><td rowspan="4">Уставдык капиталга болгон талап эң төмөн. Бирок ар бир региондо өкүлчүлүк же камсыздандыруу окуяларын жөнгө салуучу компаниялар менен келишим талабы бар.</td><td>Уставдык капиталга болгон талап эң жогору болуп эсептелет.</td><td rowspan="2">Эң автотранспорт каражаттарына ээ (1000 кишиге).</td><td rowspan="4">2010-2013 ж. жол кырсыгынан каза болгондордун санынын өсүү темпи боюнча жогорку көрсөткүчкө ээ.</td><td>Автотранспорттордун саны эң аз өлкө (1000 кишиге).</td></tr>
<tr><td>Жол кырсыгынан каза болгондордун саны эң көп катталган өлкө (100 миң кишиге).</td><td rowspan="5">Автотранспорт каражаттарын колдонуудан келип чыккан жоопкерчиликти жүзөгө ашыруучу камсыздандыруу компанияларынын Бюросуна мүчө болуусу керек жана ар бир областта филиалын же агенттигин ачуу талаптары бар.</td></tr>
<tr><td>Жоготулган киреше же эмгек акы төлөнбөйт.</td><td rowspan="2">Жол кырсыгынан каза болгондордун саны эң төмөн көрсөткүчкө ээ (100 миң кишиге).</td></tr>
<tr><td>Кепилдик Төлөмдөр Фондуна жана Өкүлдөр Кеңешине мүчө болуусу керек.</td></tr>
<tr><td>Жоготулган киреше же эмгек акы төлөнөт.</td><td rowspan="2">Камсыздандыруу компаниялары жыл сайын 2 жолу финансылык отчёт берип туруусу зарыл.</td><td>Жоготулган киреше же эмгек акы төлөнбөйт.</td><td>Жоготулган киреше же эмгек акы төлөнөт.</td></tr>
<tr><td>Камсыздандыруу полиси жок болгон учурда эң аз айып пул каралган.</td><td>Камсыздандыруу полистерин албагандарга эң жогорку айып пул каралган.</td><td>Административдик айып пул карала элек.</td></tr>
<tr><td>Камсыздандыруу полиси эң аз 5 күнгө жасалат.</td><td>Камсыздандыруу полистери Стандарт жана Комплекстүү болуп 2-ге бөлүнөт.</td><td>Камсыздандыруу 4 түрдө жүргүзүлүп, транзиттик</td><td>Бир полиске 4 айдоочуга чейин кошсо болот.</td><td>Жол кырсыгынан жабыркаган адам чет өлкөдөн дарыланганга укугу</td></tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Базалык камсыздандыруу сыйлыгы 2576 сомду түзөт. | Комплекстүү камсыздандыруу полиси менен 2 же 2ден көп автотранспортко ээ болгондор бир полис менен эле камсыздандырылса болот. | автотранспорттор үчүн ыңгайлуу тарифтер каралган. | | бар жана камсыздандыруу компаниялары аркылуу чыгымдары төлөнүп берилет. |
| 57 840 сомго чейин Жол-кайгуул кызматынын катышуусу болбостон эле төлөнү берилет. | Камсыздандыруу полистери эң аз 5 күнгө жасалат. | Мамлекеттик же мамлекеттин үлүшү 50-дөн жогорку камсыздандыруу компаниялары гана камсыздандыруу полистерин жасай алат. | Аймактык жогорулатуучу коэффициент каралган эмес. | |
| | Базалык камсыздандыруу тарифи 904,9 сомду түзөт. | | | |
| | Камсыздандыруу полиси аркылуу биринчи окуядан кийин төлөнүп берилсе жарабай калат. Жаңысын алганга туура келет. | | | |
| | Камсыздандырылган окуя болгондо милдеттүү түрдө жол полициялары келип, каттоого алуусу керек, болбосо камсыздандыруу төлөмдөрү жүргүзүлбөйт. | Камсыздандыруу полистери эң аз 15 күнгө жасалат. | Камсыздандыруу полиси эң аз 5 күнгө жасалат. | Камсыздандыруу полиси эң аз 3 айга жасалат. Ал эми транзиттик автотранспорттор үчүн эң аз 10 күнгө жасалат. |
| | | Базалык камсыздандыруу сыйлыгы 2146 сомду түзөт. | Базалык камсыздандыруу сыйлыгы 3256 сомду түзөт. | |
| | | | Мыйзам 2019-жылдан баштап күчүнө кирет. | |

Бул салыштыруу анализинин жыйынтыгында, ЕАЭБке мүчө мамлекеттерде, Кыргызстандан сырткары, милдеттүү камсыздандыруу түрү мурунтан иштеп келгендиктен, алардын тажрыйбасында Кыргызстан үчүн эң маанилүү сунуш катары төмөнкүлөрдү айтсак болот:

1. Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу менен иштей турган камсыздандыруу компаниялары ар бир областта өкүлчүлүктөрүн ачууга же жол кырсыктарын жөнгө салуучу атайын компаниялар менен келишим түзүү зарылчылыгын мыйзам түрүндө киргизүү;
2. Эки же андан көп автотранспорт каражаттарына ээ болгон жарандардын жоопкерчилигин бир камсыздандыруу келишими менен камсыздандыруу мүмкүнчүлүгүн киргизүү.

Колдонулган булактар

1. Шахов, В.В., Ахвледиани, Ю.Т. Страхование: Учебник для студентов вузов, обучающихся по специальностям: «Финансы и кредит», «Бухгалтерский учет, анализ и аудит». – М.: Юнити-Дана, 2005. – 5 бет.

2. Моржаретто, И. Автострахование: Дас ист ОСАГО // «За рулем». – 2014. – 24 января: (http://www.insur-info.ru/press/93131/).

3. Васин, П.Н. Страхование транспорта (КАСКО) и автогражданской ответственности (ОСАГО): учебное пособие / П.Н. Васин. – Новосибирск: Изд-во СибАГС, 2008. – 61 бет.

4. Гриценко, И. Жизни пешеходов будут страховаться за счет водителей // «Известия». – 1994. – 20 мая: http://www.insur-info.ru/press/95736/

5. Кыргызстан в цифрах 2016: статсб. – Бишкек: Нацстатком, 167 бет.

6.http://forbes.kz//life/observation/kazahstan_lider_sredi_stran_byivshego_sssr_po_urovnyu_smertnosti_v_dtp/

7. Об утверждении минимальных размеров уставного капитала для страховых (перестраховочных) организаций и страховых (перестраховочных) брокеров: Постановление Правительства Кыргызской Республики, г. Бишкек, от 1 июня 2016 года № 292.

8. Об обязательном страховании гражданской ответственности владельцев транспортных средств: Федеральный Закон Российской Федерации, Москва, Кремль, от 25 апреля 2002 года № 40-фз.

9. Об установлении нормативных значений и методики расчетов пруденциальных нормативов страховой (перестраховочной) организации и страховой группы и иных обязательных к соблюдению норм и лимитов: Постановления Правления Национального Банка Республики Казахстан. – Режим доступа: http://www.nationalbank.kz/?docid=979&switch=russian

10. О внесении изменений и дополнений в указы Президента Республики Беларусь по вопросам страховой деятельности: Указ Президента Республики Беларусь от 14 апреля 2014 года № 165.

11. Об утверждении Положения 3/02 “Размер основных экономических нормативов страховой деятельности, порядок формирования и расчета, критерии признания перестраховщиков незапрещенными”: Решение Совета Центрального банка Республики Армения от 2 октября 2007 года, № 311 н.

12. О страховой деятельности: Указ Президента Республики Беларусь от 25 августа 2006 года № 530.

13. Об обязательном страховании ответственности, вытекающей из использования автотранспортных средств: Закон Республики Армения от 18 мая 2010 года.

14. Об обязательном страховании гражданско-правовой ответственности владельцев транспортных средств:Закон Республики Казахстан от 1 июля 2003 года № 446-ii.

15. Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө: Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2015-жылдын 24-июлу № 192.

16. Об административных правонарушениях: Кодекс Российской Федерации, Москва, Кремль, от 30 декабря 2001 года № 195-фз. – Режим доступа: http://www.consultant.ru/document/cons_doc_law_34661/

17. Кодекс Республики Беларусь об административных правонарушениях от 21 апреля 2003 года №194-з.

18. Кодекс Республики Казахстан об административных правонарушениях от 5 июля 2014 года № 235-v зрк.

19. Месячный расчетный показатель (МРП) с 2000 по 2017 год. – Режим досупа: https://uchet.kz/stavki/MRP

20. Кодекс Республики Армении об административных нарушениях от 6 декабря 1985 года.

21. О внесении изменения в Закон Кыргызской Республики "Об обязательном страховании гражданско-правовой ответственности владельцев автотранспортных средств": Закон Кыргызской Республики от 2 августа 2016 года № 161.

22. О внесении изменений и дополнений в Приказ Белорусского Бюро по транспортному страхованию, от 12 октября 2000 года №27-од: Приказ Белорусского бюро по транспортному страхованию от 10 июня 2014 года №17-од.

23. Томилин, В.Н. Транспортное страхование в России и странах Балтии. – М.: Анкил, 2000. – 116 стр.

24. Проект Положения о Минимальном размере страховой суммы и тарифах страховой премии обязательного страхования гражданско-правовой ответственности владельцев автотранспортных средств. – Режим доступа:

http://www.fsa.kg/wp–content/uploads/2016/03/%D0%9F%D1%80%D0%B8%D0%BB_2._%D0%A2%D0%B0%D1%80%D0%B8%D1%84%D1%8B_28-32_%D0%BE%D1%82_29.01.2016.pdf

25. Об установлении размеров страховых тарифов, страховых взносов, лимитов ответственности по отдельным видам обязательного страхования: Указ Президента Республики Беларусь от 25 августа 2006 года № 531.

26. http://www.ingoarmenia.am/index/view/id/467/lang/ru

27. Лобачев, И. Таблица коэффициентов территории использования ТС. – Режим доступа: http://www.4sure.ru/inform/aboutinsure/23-kojefficient-territorii